БЕКИТИЛДИ

«Кыргызалтын» ААКтын

Директорлор кеңешинин

2025-жылдын 29-апрелиндеги

жыйынынын № 25протоколу менен

**Каракала-Терек аянтында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү жана «Терек» кенин иштетүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүк**

**үчүн конкурсту өткөрүү шарттары**

Каракала-Терек аянтында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү жана «Терек» кенин иштетүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүк үчүн конкурс «Кыргызалтын» ААКтын Башкармасынын 2025-жылдын «21»-апрелиндеги №21 чечиминин жана «Кыргызалтын» ААКтын директорлор Кеңешинин 2025-жылдын «29»-апрелиндеги №25 протоколунун негизинде өткөрүлөт.

Бул конкурсту өткөрүү шарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 23-августундагы № 472 токтому менен бекитилген мамлекеттик ишканалар жана уставдык капиталына мамлекеттин катышуу үлүшү үчтөн экисинен кем эмес болгон чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан жер казынасын пайдалануу укуктарын ишке ашыруу боюнча инвесторлор менен биргелешкен ишмердүүлүктү жүргүзүү шарттары жөнүндө жобого ылайык иштелип чыккан.

Конкурстун жеңүүчүсүнө «Кыргызалтын» ААКтын туунду ишканасы болуп саналган жана уставдык капиталына 100% катышуу үлүшү бар «Каракала-Терек» жоопкерчилиги чектелген коомунун Каракала-Терек аянтында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү жана «Терек» кенин иштетүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүгүнө катышуу укугу берилет.

Конкурс Бишкек шаарында 2025-жылдын 17-июнунда саат 10:00дө (жергиликтүү убакыт боюнча) Бишкек шаары, Абдымомунов көчөсү, 195 дареги боюнча өткөрүлөт.

Бардык кызыкдар жактарга «Кыргызалтын» ААКнын кеңсесинен конкурска катышуу үчүн жыйым төлөгөндөн кийин, «Кыргызалтын» ААКтын кеңсесинен конкурска катышуу жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн зарыл болгон

Каракала-Терек аянты жана «Терек» кенин иштетүү боюнча геологиялык жана башка маалыматтар менен таанышууга мүмкүнчүлүк берилет. Жер казынасынын участкаларын иштетүү боюнча долбоорду ишке ашырууга конкурстук сунуштар боюнча табыштамалар «Кыргызалтын» ААК тарабынан 2025-жылдын 16-июнунда саат 17:00гө чейин (жергиликтүү убакыт боюнча) кабыл алынат.

Конкурстук табыштаманын кепилдигинин (мындан ары - КТК) өлчөмү 10 000 000 (он миллион) сомду түзөт. Конкурска катышууга укук берилген арыз ээси КӨКтү 100% өлчөмүндө конкурстук табыштамаларды кабыл алуу мөөнөтү аяктаганга чейин которот. Конкурска катышууга байланыштуу бардык материалдар «Кыргызалтын» ААКтын кеңсесине төмөнкү дарек боюнча жөнөтүлөт: Бишкек шаары, Абдымомунов көчөсү,с 195.

**Жер казынасынын участкалары жөнүндө жалпы маалымат**

Каракала-Терек алтын кен аянты жана «Терек» алтын кени (мындан ары - Лицензиялык участкалар) Ош облусунун Алай районунда, Алай кырка тоосунун чыгыш тарабында, Гүлчө дарыясынын оң тарабында, 2100-2600 м бийиктикте жайгашкан.

Район жакшы өздөштүрүлгөн жана жетүүгө оңой. Жакынкы калктуу конуштар жана ЛЭП 0,5-2 км аралыкта, автожол - 0,5-2 км аралыкта, темир жол станциясы - 125 км аралыкта жайгашкан. Кен Ош-Хорог мамлекеттик автотрассасына жанаша жайгашкан. Кендин борбордук бөлүгүнө узундугу болжол менен 3 км болгон убактылуу автожол салынган.

Каракала кен талаасы Түркстан-Алай алтын сейрек металлдуу металлогениялык зонасынын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан жана геологиялык жактан жетиштүү изилденгендиги менен мүнөздөлөт. Талаанын геологиялык чектери Каракала жаракасына жана ушул эле аталыштагы узундугу болжол менен 14 км, туурасы 0,2ден 0,7 кмге чейин жеткен жергиликтүү бүктөм зонасына туура келет. Морфологиялык белгилери боюнча Каракала зонасы тик жантаюучу капталда жайгашкан, ал продуктивдүү минералдашкан алтын кенинин жайгашуусун контролдойт. Бардык руда көрүнүштөрү бир типтүү геологиялык-структуралык шартта жайгашкан жана узатасы боюнча так эмес келечеги бар бирдиктүү катарды билдирет. Аянттын жана «Терек» кенинин чегинде алтындын, күмүштүн, жездин жана башка элементтердин кеңири жана контрасттуу литохимиялык комплекстүү аномалияларынын болушу, белгилүү рудалуу зоналарды да, мурда аныкталбагандан улам , жаңы рудалуу түзүлүштөрдүн табылышына үмүт арттырат. Каракала кен талаасы жагымдуу

геологиялык, тоо-техникалык жана географо-экономикалык шарттар менен мүнөздөлөт:

- кен объекттердин жыш жайгашкандыгы (Көлдүккичи, Каракала, Таргалак, Аскалы жана башка кендер);

- тоо-кен техникалык шарттарынын жетиштүү пайдалуулугу, ачык жана жер астындагы штольнялык ыкмалар менен иштетүүгө мүмкүндүк берет.

- Гүлчө дарыясынын өрөөнүндө жогорку чыналуудагы электр берүү линияларынын, мамлекеттер аралык жана республикалык маанидеги жолдордун болушу аянтта геологиялык чалгындоо жана эксплуатациялык иштерди жүргүзүү үчүн жакшы экономикалык шарттарды түзөт;

-кен талаанын аянтында жыш токойлордун жана курулуштардын жоктугу кендерди өздөштүрүүгө байланыштуу экологиялык көйгөйлөрдү эн томонку чекке чейин кыскартат.

Алтынды негизги пайдалуу кен катары кароо керек. Башка компоненттер кошумча болуп саналат. Каракала кен талаасынын чегинде төмөнкүлөр жайгашкан: «Терек» кени, Көлдүккичи, Каракала, Каранаркас, Таргалак жана Аскалы кендери.

«Терек» кени объекттерди өздөштүрүүнүн жалпы контекстинде каралат. «Терек» кениндеги кендин жалпы субмеридионалдык структуралык планына ылайык келген карбонат-кварц тик жантаюучу сызыктуу зоналарында жайгашкан. Бул зоналардын ичинде тик жантаюучу субмеридионалдык тарам түрүндө 21 кен тулкулары бөлүнүп көрсөтүлгөн. Кен тулкуларынын жантаюусу боюнча байкалган эмес. Жакын жердеги өзгөрүү кварцтуу, анкериттүү жана анкерит-кварцтуу курамдагы кен жылгаларынын жыш экендиги көрсөтүлгөн. Каракала кен талаасында № 7360 АР лицензиясынын чегинде геологиялык маалыматтарга ылайык Р1 категориясындагы болжолдуу ресурстар («Терек» кенинин ресурстарын эске алуу менен) 47,4 тонна алтынды түзөт. Терек кенинин чегинде 2011-жылы жүргүзүлгөн геологиялык чалгындоо иштеринин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Кен запастары боюнча мамлекеттик комиссиясынын мамлекеттик балансына орточо курамы 5,98 г/т болгон 2773,7 кг алтын коюлган. С2 категориясы боюнча алтындын баланстан тышкаркы запастары 589,1 кг түзөт. Запастардын маалыматтарынын негизинде Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги тарабынан 2023-жылдын 17-июлунда Терек кенин иштетүү максатында жер казынасын пайдалануу укугуна № 7359 АЕ лицензиясы, ошондой эле 2023-жылдын 17-июлунда Каракала-Терек аянтында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү максатында жер казынасын пайдалануу укугуна 7360 АР

лицензиясы берилген. «Кыргызалтын» ААКнын биргелешкен ишмердүүлүккө кошкон салымы болуп төмөнкүлөр саналат:

1.(а) Төмөнкү тик бурчтуу чекиттери координаттар системасында көрсөтүлгөн «Терек» кенин иштетүү үчүн жер казынасын пайдалануу укугуна 2023-жылдын 17-июлундагы № 7359 АЕ лицензиясы:

| № чекит | Х | У | чекит | Х | У |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 13372120 | 4429823 | 4 | 13375105 | 4432235 |
| 2 | 13373287 | 4431559 | 5 | 13374029 | 4431087 |
| 3 | 13374268 | 4432284 | 6 | 13372887 | 4429512 |

1. (б) Төмөнкү бурчтук чекиттери тик бурчтуу координаттар системасында көрсөтүлгөн Каракала-Терек аянтында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү максатында жер казынасын пайдалануу укугуна 2023-жылдын 17-июлундагы № 7360 АР лицензиясы:

| № чекит | Х | У | № чекит | Х | У |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 13370320 | 4427035 | 3 | 13380400 | 4440420 |
| 2 | 13374920 | 4440430 | 4 | 13374675 | 4426635 |

Аянттын өлчөмү – Терек кенин иштетүү контурун алып салууну эске алуу менен 6516 га,.

«Кыргызалтын» ААКтын инвестициясынын жалпы суммасы «Экспресс оценка» жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары - «Экспресс оценка» ЖЧКсы) көз карандысыз баалоочу компаниясынын 2024-жылдын 10-августундагы отчетуна ылайык, 1 770 811 223 (бир миллиард жети жүз жетимиш миллион сегиз жүз он бир миң эки жүз жыйырма үч) сомду түзөт.

## 5. Конкурстук табыштамага коюлган талаптар

5.1. Конкурстук табыштама ушул Шарттардын 3-бөлүмүндө көрсөтүлгөн бардык тиркелүүчү документтер менен мамлекеттик же расмий тилде, кагаз жана электрондук түрдө (USB флеш-сактагычтардагы сканерден өткөрүлгөн версиялары) берилет жана төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

5.1.1. Божомолдонгон каржылоонун суммалары (жылдар боюнча бөлүштүрүү менен, биргелешкен ишмердүүлүк жургузууго сырттан карыз албастан өз каражаттарынын өлчөмү);

5.1.2. Биргелешкен коомдо катышуу үлүшүнүн өлчөмү жөнүндө сунуш;

5.1.3. Лицензиялык участкаларда каржылоо программасы жана жылдык иштердин көлөмү;

5.1.4. Пайдалуу кендерди чалгындоонун заманбап жана экологиялык жактан коопсуз технологияларын колдонуу боюнча чаралардын комплекси;

5.1.5. Социалдык пакеттин программасы жөнүндө сунуш;

5.1.6. Калкка берилүүчү жумуш орундарынын саны жөнүндө сунуш;

5.1.7. Геологиялык чалгындоо иштерине жана иштетүүгө кеткен чыгымдардын сметасы.

5.1.8. Геологиялык чалгындоо иштеринин жана кенди иштетүүнүн башталыш мөөнөттөрү.

## 6. КТКны жана катышуу үчүн жыйымды төлөөнүн тартиби, мөөнөттөрү жана өлчөмдөрү

6.1. Конкурстун катышуучулары Конкурстун шарттарынын аткарылышын камсыз кылуу максатында 10 000 000 (он миллион) сом өлчөмүндө КТКны төлөшөт.

6.2. Конкурстун катышуучулары Конкурска катышуу үчүн 100 000 (жүз миң) сом өлчөмүндө жыйым төлөшөт, ал кайтарылбаган төлөм болуп саналат жана Конкурстун жыйынтыктарына көз каранды эмес.

6.3. Конкурска катышуу үчүн жыйым «Кыргызалтын» ААКнын Конкурсту өткөрүүгө кеткен бардык чыгымдарын жабууга багытталган.

6.4. Конкурстун Жеңүүчүсү менен макулдашууга кол коюлгандан кийин КТКнын суммасы төмөнкү учурларда 10 (он) жумушчу күндүн ичинде Конкурстун Катышуучусунун эсебине төлөм жүргүзүлгөн валютада жана ошол эле өлчөмдө кайтарылат, эгерде:

6.4.1. Катышуучу Конкурстун Жеңүүчүсү деп таанылбаса;

6.4.2. Катышуучу жумушчу комиссия конверттерди ачканга чейин өзүнүн конкурстук табыштамасын кайтарып алса.

6.5. КТК төмөнкү учурда кайтарылбайт, эгерде:

6.5.1. Катышуучу жумушчу комиссия табыштаманы ачкандан, карагандан кийин, жумушчу комиссия Конкурстун Жеңүүчүсүн аныктоо жөнүндө чечим кабыл алганга чейин өзүнүн конкурстук өтүнмөсүн кайтарып алса;

6.5.2. Конкурстун Жеңүүчүсү деп таанылган Катышуучу конкурстун жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса жана биргелешкен ишмердүүлүккө Катышуучу катары катышууга жеңүүчү катары өз укугун жоготсо;

6.5.3. Конкурстун Жеңүүчүсү ушул Шарттардын 4.9.2-пунктуна ылайык, төмөнкү учурларда биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу укугун жоготсо, эгерде:

6.5.4. Конкурстун Жеңүүчүсү ушул Шарттардын талаптарына жана конкурстук табыштаманын шарттарына ылайык, түзүлгөн биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууну түзүү боюнча милдеттенмелерди талаптагыдай аткарбаса;

6.5.5. Жеңүүчүдөн кийинки эң көп балл алган Катышуучу ушул Шарттардын 4.10-пунктуна ылайык, биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууну түзүүдөн баш тартса.

6.6. Конкурстун Жеңүүчүсүнүн КТКны биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууга кол коюлгандан кийин «Кыргызалтын» ААК тарабынан конкурстун жеңүүчүсүнүн уставдык капиталга кошкон салымы катары биргелешкен ишкананын эсептешүү эсебине которулат.

6.7. Ушул Шарттардын 6.5. жана 4.10-пункттарында көрсөтүлгөн учурларда Конкурска катышууга КТКнын суммасын кайтарбоо жөнүндө чечимди жумушчу комиссия кабыл алат, ал протоколго чагылдырылат жана Жумушчу комиссиянын жыйынында бекитилет.

6.8. КТК жана Конкурска катышуу үчүн жыйым Конкурстун катышуучулары тарабынан «Кыргызалтын» ААКнын эсептешүү бетине төмөнкү реквизиттер боюнча улуттук валютада (сом менен) акча каражаттарын которуу жолу менен төлөнөт:

«Кыргызалтын» ААК

ИНН: 02403199310039

Сомду чегерүү үчүн

Банк: «Айыл Банк» ААК

р\сч. №1350100026209430

БИК: 135001

## 7. Жумушчу комиссия

7.1. Жумушчу комиссиянын курамы «Кыргызалтын» ААКтын буйругу менен аныкталат.

7.2. Жумушчу комиссиянын функцияларына конкурстук табыштамаларды кароо, аларды баалоо жана Конкурстун Жеңүүчүсүн жана андан кийинки Катышуучуну тандоо кирет.

7.3. Документтери бар конверттерди (пакеттерди) ачуу документтерди кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийинки кийинки жумушчу күнү жумушчу комиссия тарабынан жүргүзүлөт жана протокол менен таризделет, анда Конкурстун Катышуучуларынын аталыштары жана даректери, алар тарабынан берилген документтердин барактарынын саны көрсөтүлөт. Конкурстун катышуучулары конверттерди ачууга катышууга милдеттүү. Конкурстун катышуучулары өз программасын тартуулашат жана тартуулоо учурунда жумушчу комиссиянын мүчөлөрүндө пайда болгон суроолорго түшүндүрмө беришет (ар бир конкурсантка программаны корсотүүго жана коргоого 1 (бир) саатка чейин убакыт берилет).

7.4. Жумушчу комиссия берилген документтерди кароо процессинде алардын ушул Шарттардын 3-бөлүмүндө белгиленген талаптарга ылайык келүүсүн текшерет. Табыштама бул талаптарга ылайык келбеген учурда же документтердин толук тизмеси жок болсо, табыштама четке кагылат.

7.5. Жумушчу комиссия өтүнмөлөрдү кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийинки кийинки жумушчу күндөн кечиктирбестен Конкурстун катышуучуларынын сунуштарын карайт, өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыктары боюнча баллдарды эсептөө протоколдорун тариздейт жана протоколдордун негизинде Конкурстун Жеңүүчүсү жана эң көп балл алган кийинки Катышуучу жөнүндө чечим чыгарат. 7.6. Конкурстун Катышуучулары тарабынан берилген документтерди кароодо жумушчу комиссия берилген документтерге карата кошумча түшүндүрмөлөрдү берүү үчүн Конкурстун Катышуучусунун ыйгарым укуктуу өкүлүн чакырууга укуктуу. 7.7. Жумушчу комиссиянын чечими биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу үчүн Конкурстун Жеңүүчүсү менен биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууга кол коюу үчүн негиз болуп саналат.

## 8. Конкурстун Жеңүүчүсүн аныктоо

8.1. Конкурстун Жеңүүчүсү долбоорду ишке ашыруу үчүн критерийдин маанилүүлүгүнүн пайызын эске алуу менен 5 (беш) баллдык система боюнча төмөнкү критерийлер боюнча берилген документтерди жана маалыматты кароонун жана баалоонун жыйынтыктары боюнча аныкталат:

| Критерийдин аталышы | Баллдар | Пайыздык салмагы |
|---|---|---|
| Салымдын өлчөмү (долбоорду каржылоо) геологиялык чалгындоо иштерине жана Лицензиялык участкаларды иштетүүгө үчүнчү тараптардан | Долбоорго инвестициялоо үчүн ар бир 1 млрд. сомго 1 баллга көбөйөт | 35% |

| | | |
|---|---|---|
| же банктардан карыз албастан өз каражаттарынын эсебинен инвестициялоо | | |
| Биргелешкен коомдо катышуу үлүшүн бөлүштүрүү («Кыргызалтын» ААКтын үлүшү 30%дан кем болууга тийиш эмес). | Биргелешкен коомдогу ар бир 5% үлүш үчүн кошумча 1 баллга көбөйөт | 25% |
| Алтын кендерин өздөштүрүү боюнча иш тажрыйбасы | 3 жылдан (3, 5, 7, 10, 12+) ашык иш тажрыйбасынын болушу үчүн 1 баллдан кошулат | 19% |
| Комплекстүү иштерди жүргүзүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүктөр, зарыл болгон жабдуулардын жана квалификациялуу кадрлардын болушу: жолдорду, бургулоо аянттарын куруу жана бургулоо иштерин жүргүзүү | Техникалык мүмкүнчүлүктөрдүн, жабдуулардын, квалификациялуу кадрлардын болушу. Жылына 5 миң п.м. бургулоо үчүн 1 балл, жылына 7 миң п.м. кем эмес бургулоо үчүн 2 балл, 8 миң п.м. кем эмес бургулоо үчүн 3 балл, 9 миң п.м. кем эмес бургулоо үчүн 4 балл, 10 миң п.м. ашык бургулоо үчүн 5 балл. | 10 % |
| Берилген программага ылайык жергиликтүү калк үчүн түзүлүүчү жумуш орундарынын саны | Ар бир 10 адамга 1 баллдан | 1% |
| Биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө Макулдашууга кол коюлган учурдан тартып Лицензиялык участкаларда геологиялык чалгындоо иштерин баштоо мөөнөттөрү | 2 айга чейин – 5 балл, ар бир кийинки ай үчүн баа 1 баллга азайтылат | 4% |
| Биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууга кол коюлган учурдан тартып Лицензиялык участканы иштетүүнү баштоо мөөнөттөрү | 2 айга чейин – 5 балл, ар бир кийинки ай үчүн баа 1 баллга азайтылат | 5% |
| Геологиялык чалгындоо иштери жана иштетүү аяктаганга чейин жергиликтүү регион үчүн социалдык | 1 млн. сомго чейин - 1 балл, ар бир 1 млн. сомго баалоо баллы көбөйтүлөт | 1% |

| | | |
|---|---|---|
| пакеттин шарттары (жылына млн. сом) | | |

8.2. Жумушчу комиссиянын ар бир мүчөсү ар бир критерий боюнча баллдарды жана Конкурстун ар бир Катышуучусу үчүн баллдардын жалпы суммасын көрсөтүү менен баллдарды эсептөөнүн жеке протоколун түзөт. Баллдарды эсептөөнүн жыйынтыктоочу протоколунда жумушчу комиссиянын бардык мүчөлөрүнүн баасынын негизинде орточо баллдар аныкталат. Көрсөтүлгөн орточо баллдардын негизинде жумушчу комиссия эң көп балл алган Конкурстун Жеңүүчүсү жөнүндө чечим кабыл алат.

8.3. Эң көп орточо балл алган Катышуучу Конкурстун Жеңүүчүсү деп таанылат. Эки же андан көп Катышуучунун орточо баллы тең болгон учурда жумушчу комиссиянын Төрагасы ачык добуш берүү жол-жобосун дайындайт. Добуш берүү ар бир Катышуучу боюнча өз-өзүнчө өткөрүлөт жана протокол менен таризделет. Мында комиссиянын ар бир мүчөсү өз добушун бир гана Катышуучуга берүүгө укуктуу. Эң көп добуш алган Катышуучу жеңүүчү деп таанылат. Жумушчу комиссиянын мүчөлөрү добуш берүүгө катышуудан баш тартууга укуксуз.

8.4. Жумушчу комиссиянын Конкурстун Жеңүүчүсү жана Жеңүүчүдөн кийинки Катышуучу жөнүндө чечими жумушчу комиссиянын бардык мүчөлөрү, Конкурстун Жеңүүчүсү жана Конкурстун Жеңүүчүсүнөн кийинки деп таанылган Катышуучу тарабынан кол коюлган өзүнчө протоколдор менен таризделет, Жумушчу комиссиянын жыйынында жарыяланат.

8.5. Талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарына ылайык чечилет.

## 9. Купуялуулукту сактоо жана коррупциялык аракеттерден (ниети таза эмес аракеттерден) качуу

9.1. Жумушчу комиссиянын мүчөлөрү, ошондой эле табыштамаларды кароого, баалоого жана салыштырууга тиешелүү маалымат жеткиликтүү болуп калган кызмат адамдары Конкурс өткөрүлгөн мезгилде көрсөтүлгөн маалыматтарды Катышуучуларга же өтүнмөлөрдү кароого расмий катышпаган башка жактарга жайылтышпайт.

9.2. Конкурстун катышуучулары коррупциялык аракеттерден карманууу жана купуя маалыматтарды жайылтпоо жөнүндө ушул Шарттардын №1 формасы боюнча милдеттенме беришет.

## 10. Конкурс өтпөй калды деп таануу

10.1. Конкурска катышууга табыштамалар жок болгон учурда, же эгерде Жеңүүчү же андан кийинки эң көп балл алган Катышуучу биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө макулдашууга кол коюудан баш тартса, Конкурс жумушчу комиссиянын протокол менен таризделген чечиминин негизинде өтпөй калды деп таанылат.

Маалыматтар үчүн телефондор: (+996 312 66 67 00, +996 312 66 66 70).

1 форма Каракала-Терек аянтында
геологиялык чалгындоо иштерин
жүргүзүү жана Терек кенин иштетүү
боюнча биргелешкен ишмердүүлүк
үчүн конкурсту өткөрүү шарттарына
карата»

**Милдеттенме**

1. Конкурстун катышуучусу Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарынын төмөнкү талаптарын сактоого жана камсыз кылууга милдеттенет:

1.1. Конкурска катышууда Катышуучу жана анын байланыштуу жактары, кызматкерлери же ортомчулары жумушчу комиссиянын мүчөлөрүнө, Башкарманын, Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө, «Кыргызалтын»

ААКтын кызмат адамдарына материалдык, кандайдыр бир башка пайдаларды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу максатында бул жактардын аракеттерине же чечимдерине таасир этүү үчүн кандайдыр бир акча каражаттарын же баалуулуктарды тике же кыйыр түрдө төлөшпөйт, төлөөнү сунушташпайт жана төлөөгө жол беришпейт.

1.2. Катышуучу жана анын байланыштуу жактары, кызматкерлери же ортомчулары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары боюнча пара берүү/алуу, коммерциялык паракорлук, ошондой эле бул жактардын материалдык, кандайдыр бир башка пайдаларды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу максатындагы аракеттери же чечимдери катары квалификацияланууучу аракеттерди ишке ашырышпайт. 1.3. Эгерде Катышуучуда ушул милдеттенменин кандайдыр бир жоболору бузулду же бузулушу мүмкүн деген шектенүү пайда болсо, Катышуучу бул жөнүндө Конкурстун Уюштуруучусуна жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттенет. Жазуу жүзүндөгү билдирүүдө Катышуучу фактыларга шилтеме кылууга же башка катышуучулар, алардын байланыштуу жактары, кызматкерлери же ортомчулары тарабынан ушул милдеттенменин кандайдыр бир жоболору бузулду же бузулушу мүмкүн экендигин ишенимдүү тастыктаган же болжолдоого негиз берген материалдарды берүүгө милдеттүү, ал колдонуудагы мыйзамдар боюнча пара берүү же алуу, коммерциялык паракорлук, ошондой эле кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легалдаштырууга каршы аракеттенүү жөнүндө колдонуудагы мыйзамдардын жана эл аралык актылардын талаптарын бузган аракет катары саналат.

1.4. Конкурсту өткөрүү процессинде Катышуучу тарабынан алынган маалымат купуя болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, коргоо режими менен камсыздалат. Алынган маалымат Катышуучу тарабынан конкурстук табыштаманы берүү максатында гана пайдаланылышы мүмкүн. Алынган маалыматты башка максаттарда пайдалануу же аны үчүнчү тарапка берүү маалыматты берген Конкурстун Уюштуруучусунун жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана мүмкүн.

Колу ________________________________________ Аты-жөнү ________________________________________ Кызматы ______________________________________ Датасы __________________________________________

М.О.

№ 2 форма Каракала-Терек аянтында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү жана «Терек» кенин иштетүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүк үчүн конкурсту өткөрүү шарттарына карата

**Компаниянын менчик ээлери жөнүндө маалымкат**

1. Компаниянын толук аталышы.
2. Компаниянын юридикалык дареги (келген өлкөсү).
3. Мамлекеттик каттоо күнү жана орду.
4. Компаниянын менчик формасы (жеке же мамлекеттик).
5. Компаниянын менчик ээлери жөнүндө маалымат (акционерлер/компаниянын катышуучулары).
6. Компаниянын акцияларынын/катышуу үлүшүнүн 10 % жана андан ашыгына ээ болгон башка компанияларды санап өтүңүз.

5-пункт боюнча:

| № | Юридикалык жактын аталышы | Менчик ээсинин аты-жөнү | Катышуу үчүн Юридикалык дареги | Тастыктоочу документтер жөнүндө маалымат |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

6-пункт боюнча:

| № | Юридикалык жактын аталышы | Менчик ээсинин аты-жөнү | Юридикалык дареги | Каттоо дареги |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

Компания маалымкатта көрсөтүлгөн маалыматтар так, толук жана анык экендигине кепилдик берет.

Колу ______________________________________________ Аты-жөнү _______________________________________________ Кызматы ___________________________________________ Датасы _________________________________________________

М.О.

№ 3 форма
Каракала-Терек аянтында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү жана «Терек» кенин иштетүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүк үчүн конкурсту өткөрүү шарттарына карата

**Конкурска катышууга арыз**

Мен,
_______________________________________________________________
уюмдун аты-жөнү же аталышы , (жеке инсандыгын тастыктаган документ, сериясы, номери, берилген күнү)

________________________________________________ атынан чыгып жатып
_________________________________________________________________
_________________________________________________________________
_________________________________________________________________
_________________________________________________________________
_______________________________________________________________,
(Толук аталышы, каттоо номери, каттоо күнү жана органы, дареги, юридикалык жактын банктык реквизиттери) Бишкек шаары, Абдымомунов көчөсү, 195 дареги боюнча өткөрүлүүчү Лицензиялык участкаларда биргелешкен ишмердүүлүккө катышууга «_____» _____________ 2025-жылы өтө турган Конкурска катышууга ниеттенип жатканымды билдирем.

1. Өз ыктыярым менен мен тарабынан конкурстук табыштаманын кепилдик милдеттенмеси жана конкурска катышуу үчүн жыйым _________________________________________________________________ _____ (__________________________________________________) сом өлчөмүндө төлөндү.

2. Ушул арызга кол коюу менен Катышуучу Лицензиялык участкаларда биргелешкен ишмердүүлүккө катышууга конкурсту өткөрүү шарттарында жана конкурстун жеңүүчүсүн аныктоо критерийлеринде баяндалган бардык шарттарга макул болот жана кабыл алат жана алардын аткарылышына кепилдик берет.

Лицензиялык участкалар боюнча геологиялык жана башка кыскача маалыматтардын пакети ______________________________________________мен тарабынан алынды.

Арыз берүүчүнүн (ыйгарым укуктуу жактын) колу ___________________
Айы,күнү_____________